КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Жер мунапысынын объектилерине жарандардын менчик укуктарын мамлекет тарабынан бекитүү боюнча иштерди аяктоо боюнча чаралар жөнүндө

Жер ресурстарын башкаруу жана жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүү, жер мунапысынын объектилерине жарандардын менчик укуктарын мамлекет тарабынан бекитүү боюнча иштерди аяктоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. “Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынан келип чыгуучу жер-укуктук мамилелерди убактылуу укуктук жөнгө салуу бир жылдык мөөнөткө киргизилсин.

2. 2026-жылдын 1-мартына чейин “Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 3-пунктунун “б”, “в” жана “г” пунктчаларында каралган жер мунапысынын объектилерине карата жер мунапысын жүргүзүү боюнча шаарлардын мэрияларынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жер мунапысы боюнча комиссияларынын иши токтотулуп турсун.

3. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) жер мунапысынын объектилери болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 291 “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого (мындан ары – Жобо) ылайык

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2025-жылдын 1-июлуна чейин кошо алганда берилген жарандардын арыздары боюнча аларда жайгашкан, анын ичинде бүтпөй калган жеке турак үйлөрү менен 2021-жылдын 1-декабрына чейин түзүлгөн башаламан курулуштар бар участоктордун тобунун курамына кирген жер участоктору саналат деп;

2) 2021-жылдын 1-декабрына чейин түзүлгөн башаламан курулуштар бар участоктордун тобунун курамына кирген, кандайдыр бир курулмалары жок (бош жана курулбаган) жер участокторун легалдаштыруу маселелери Кыргыз Республикасынын Президентинин өзүнчө чечими менен түзүлүүчү мамлекеттик комиссиянын корутундусунун негизинде каралат деп.

4. Жер мунапысынын объектилерине 2021-жылдын 1-декабрынан кийин өзүм билемдик менен курулган же бүтпөй калган жеке турак үйлөрү бар жана ушул Жарлыктын 3-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн участоктордун тобунун курамына кирбеген жер участоктору кирбейт деп белгиленсин.

5. Мамлекеттик комиссия кызыкдар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен биргеликте ушул Жарлыктын 2-пунктунда, 3-пунктунун 2-пунктчасында жана 4-пунктунда көрсөтүлгөн жер участокторун кийин ордуна айыл чарба багытындагы жер участокторун же болбосо “Мамлекеттик ипотекалык компания” ачык акционердик коомунун фондунан турак жайды үлүштүк кызматташтыктын шарттарында берүү менен мамлекеттин менчигине алып коюу жөнүндө маселени карасын жана чечсин.

6. Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары белгиленген тартипте 2026-жылдын 1-июнуна чейинки мөөнөттө кылмыш-жаза, жарандык, административдик сот өндүрүшүндө талаш-тартыштын предмети болуп саналган, ошондой эле аткаруу өндүрүшүнүн алкагындагы жер участокторуна карата арыздарды кошпогондо, жер мунапысы боюнча комиссиялар тарабынан Жободо белгиленген мөөнөттө келип түшкөн жарандардын арыздарын кароо боюнча иштерди аяктоону камсыз кылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгиленген тартипте:

– өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;

– ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

8. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы ушул Жарлыкта каралган чараларды ишке ашырууда жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын аткарылышын талаптагыдай көзөмөлдөөнү камсыз кылсын.

9. Бул Жарлыктын 1–6-пункттарын белгиленген тартипте аткаруу үчүн жоопкерчилик ишинин чөйрөсүнө жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу маселеси кирген тиешелүү ыйгарым укуктуу

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

мамлекеттик органдарга, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына, шаарлардын мэрлерине жүктөлсүн.

10. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

11. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Н. Жапаров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



№ 364, 15.12.2025

Кол койгон: Жапаров С.Н.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О мерах по завершению работ по закреплению государством прав собственности граждан на объекты земельной амнистии**

В целях проведения единой государственной политики в сфере управления земельными ресурсами и регулирования земельных отношений, завершения работ по закреплению государством прав собственности граждан на объекты земельной амнистии, руководствуясь статьями 70, 71 Конституции Кыргызской Республики», **постановляю**:

1. Ввести сроком на один год временное правовое регулирование земельно-правовых отношений, вытекающих из Закона Кыргызской Республики «О регулировании земельно-правовых отношений».

2. Приостановить до 1 марта 2026 года работу комиссий по земельной амнистии мэрий городов и местных государственных администраций по проведению земельной амнистии в отношении объектов земельной амнистии, предусмотренных подпунктами «б», «в» и «г» пункта 3 статьи 2 Закона Кыргызской Республики «О регулировании земельно-правовых отношений».

3. Установить, что:

1) объектами земельной амнистии являются земельные участки, входящие в состав группы участков с хаотичной застройкой, образованной до 1 декабря 2021 года, с находящимися на них индивидуальными жилыми домами, в том числе незавершенными, по заявлениям граждан, которые были поданы до 1 июля 2025 года включительно в соответствии с Положением о порядке проведения земельной амнистии, утвержденным

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке проведения земельной амнистии» от 31 мая 2022 года № 291 (далее – Положение);

2) вопросы легализации земельных участков, входящих в состав группы участков с хаотичной застройкой, образованной до 1 декабря 2021 года, на которых отсутствуют какие-либо строения (пустующие и незастроенные), рассматриваются на основании заключения государственной комиссии, образуемой отдельным решением Президента Кыргызской Республики.

4. Установить, что к объектам земельной амнистии не относятся земельные участки с самовольно возведенными или незавершенными индивидуальными жилыми домами, построенными на них после 1 декабря 2021 года, и не входящие в состав группы участков, указанной в подпункте 1 пункта 3 настоящего Указа.

5. Государственной комиссии совместно с заинтересованными уполномоченными государственными органами рассмотреть и решить вопрос об изъятии в государственную собственность земельных участков, указанных в пункте 2, подпункте 2 пункта 3 и пункте 4 настоящего Указа, с последующим предоставлением взамен земельных участков сельскохозяйственного назначения либо жилья из фонда открытого акционерного общества «Государственная Ипотечная Компания» на условиях долевого сотрудничества.

6. Полномочным представителям Президента Кыргызской Республики в областях, мэриям городов Бишкек и Ош в установленном порядке в срок до 1 июня 2026 года обеспечить завершение комиссиями по земельной амнистии работ по рассмотрению заявлений граждан, поступивших в срок, установленный Положением, за исключением заявлений относительно земельных участков, являющихся предметом спора в уголовном, гражданском, административном судопроизводстве, а также в рамках исполнительного производства.

7. Кабинету Министров Кыргызской Республики в установленном порядке:

– привести свои решения в соответствие с настоящим Указом;

– принять иные меры, вытекающие из настоящего Указа.

8. Генеральной прокуратуре Кыргызской Республики обеспечить надлежащий надзор за исполнением законодательства в сфере регулирования земельно-правовых отношений при реализации мер, предусмотренных настоящим Указом.

9. Возложить ответственность за исполнение в установленном порядке пунктов 1–6 настоящего Указа на соответствующие уполномоченные государственные органы, в сферу деятельности которых входит вопрос регулирования земельно-правовых отношений, полномочных представителей Президента Кыргызской Республики в



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

областях, глав местных государственных администраций, органов местного самоуправления, мэров городов.

10. Контроль за исполнением настоящего Указа оставляю за собой.

11. Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



№ 364, 15.12.2025

Кол койгон: Жапаров С.Н.